DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Көкөева А.М., Айдаркулова З.А.*

## ЖАШТАР ЖАНА ӨСПҮРҮМДӨР АРАСЫНДА КЫЛМЫШТУУЛУКТУН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА АНЫ АЛДЫН АЛУУ ИШТЕРИНЕ ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ

*Кокоева А.М., Айдаркулова З.А.*

## ПРИЧИНЫ ПРЕСТУПНОСТИ СРЕДИ МОЛОДЕЖИ И ПОДРОСТКОВ И АНАЛИЗ ЕЕ ПРОФИЛАКТИЧЕСКИХ РАБОТ

*A. Kokoeva, Z. Aidarkulova*

## THE CAUSES OF CRIME AMONG YOUTH AND ADOLESCENTS AND THE ANALYSIS OF ITS PREVENTIVE WORK

*УДК: 34.343*

*Бул макалада тиешелүү укуктук-ченемдик актыларга, илимпоздордун эмгектерине жана эмпирикалык базага таянып, Кыргызстандагы Жаштар жана өспүрүмдөр арасында кылмыштуулуктун себептери жана аны алдын алуу менен азыркы мезгилде жаштар арасындагы кылмыштуулук барган сайын, улам кооптуу жана коркунучтуу нукка өтө баштаганы педагогторду, жаштар маселелери менен алектенген адистерди, укук коргоо органдарын, ата-энелерди тынчсыздандырып катуу ойго салууда. Жаштар турмуштун чон жолуна кадам таштабай жатып, өздөрүн коомдо татыктуу орун табуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратууга кириптер болушууда. Жаштар жана өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун мүнөздөмөсү жаштар арасында криминалдык ишмердүүлүктүн, диний эстремизмдин активдешүүсү байкалууда. Зордук-зомбулук зөөкүрлүк жана мыкаачылык жаштар арасындагы кылмыштуулуктун мүнөздүү чегине айланып бара жатканы коомчулукту ойлонтпой койбойт. Алардын эл аралык тажрыйбада чечүү жолдоруна токтолгон.*

***Негизги сөздөр**: жашы жете электер, укук бузуу, кылмыштуулук, сот системасы, дүйнөлүк укуктук тажрыйба.*

*На основе соответствующих нормативных актов, работы ученых и эмпирической базы в данной статье рассматриваются причины преступности среди молодежи и подростков в Кыргызстане и профилактика преступности среди молодежи, что вызывает большую озабоченность специалистов, правоохранительных органов и родителей. Молодежь лишена возможности найти достойное место в обществе, не ступая на жизненный путь. Характер преступности среди молодежи и подростков носит криминальный характер, идет рост религиозного экстремизма, насилия, а также насилие становится все больше распространенным явлением среди молодежи.*

***Ключевые слова:** несовершеннолетние, правонарушения, преступность, судебная система, мировая правовая практика.*

*Based on the relevant regulations, the work of scientists and the empirical framework, this article discusses the causes of crime among young people and adolescents in Kyrgyzstan and the prevention of crime among young people. It is of great concern to professionals, law enforcement agencies and parents. Young people are deprived of the opportunity to find their rightful place in society without stepping on the path of life. The nature of crime among young people and adolescents is criminal. There is an increase in religious extremism. Violence and violence are becoming more and more common among young people.*

***Key words:** juvenile, offenses, crime, the judicial system, world legal practice.*

Коомдун бейпилдиги менен коопсуздугун камсыздоо – мамлекеттин абдан орчундуу милдеттеринин бири. Бул менен катар эле жаштар жана өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулук азыркы коомдун эн коркунучтуу маселеси. Азыркы мезгилде жаштар арасындагы кылмыштуулук барган сайын, улам кооптуу жана коркунучтуу нукка өтө баштаганы педагогторду, жаштар маселелери менен алектенген адистерди, укук коргоо органдарын, ата-энелерди тынчсыздандырып катуу ойго салууда. Жаштар турмуштун чон жолуна кадам таштабай жатып, өздөрүн коомдо татыктуу орун табуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратууга кириптер болушууда. Жаштардын нормадан сырткары, коомго жат жүрүш-туруш тартиби, чон муундарды гана тынчсыздандырат. Алардын өздөрү девиантык жүрүш турушу жөнүндө эч ойлоп да коюшпайт жана аны норма деп эсептейт. Буга ким күнөөлүү? Албетте улуу муундар түзгөн коом күнөлүү! Бул маселенин кандайча чечилишинен коомдогу моралдык-нравалык климаттын калыптанышы, мамлекеттин гүлдөп өнүгүшү түздөн-түз көз карандылыкта турат! Жаштар жана өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун мүнөздөмөсү жаштар арасында криминалдык ишмердүүлүктүн, диний эстремизмдин активдешүүсү байкалууда. Зордук-зомбулук, зөөкүрлүк жана мыкаачылык жаштар арасындагы кылмыштуулуктун мүнөздүү чегине айланып бара жатканы коомчулукту ойлонтпой койбойт. Көпчүлүк учурда жаштар максатка жетүүгө жетиштүү болгон зордук-зомбулуктун, мыкаачылыктын чегинен өтүп кетүүдө. Жаштар жана өспүрүмдөр арасындагы кылмыштуулуктун себептери социалдык, психологиялык, биологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, жашы жете элек кылмышкерлердин 2/3 бөлүгү, аракечтик, жана ыплас иштер орун алган үй-бүлөлөрдө тарбияланган. Жаш курагында кылмыштуулуктун жолуна түшкөн ар бир 8-10 рецидивистти, аракечтикке, наркоманияга жана кылмыш жасаганга ата-энеси улуу агалары, жакын туугандары тартышкан. Жаштарды жана өспүрүмдөрдү кылмышка эмне түртөт?

1. Педагогтордун пикири боюнча телевидение, интернет ресурстар жаштар үчүн коркунучтуу булактардын бири болуп саналат. Жаштар арасындагы кылмыштуулуктун өсүшү менен экрандагы зордук-зомбулук, зөөкүрлүктүн ортосундагы байланыш бар

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



экендиги байкалат. Алар телевизор жана интернет булактарынан көргөндөрүн турмушта иш жүзүнө ашырууга аракет кылышат.

2. Өзүлөрүнүн милдеттерин билим берүү мекемелерине, көчөгө, массалык маалымат каражаттарына жүктөө аркылуу ата-энелер балдарына аз көнүл буруушууда.

3. Азыркы мезгилде начар, социалдык жактан камсыз болбогон үй-бүлөлөрдө жашаган жаштар менен өспүрүмдөрдүн абалы татаал бойдон калууда. Натыйжада алар **аморалдык** тарбия алышып, негативдүү жеке сапаттарга ээ болушууда.

4. Жаштардын кылмышка жакын жүрүш-турушунун психологиялык факторлорунун бири болуп алардын эмоционалдык жалгыздыгы болуп эсептелинет.

5. Жаштар чөйрөсүнүн кризистик абалга келишине, коммерциялык абалга келишине, коммерциялык киреше багытталган саясат түздөн-түз түрткү болот.

6. Жакын чөйрөсүнүн терс таасири.

7. Окуу процессине катышпай, ар кайсы жерлерде - көнүл ачуучу жайларда убакыт өткөрүү.

8. Компьютердик оюндар.

Изилдөөлөрдүн жыйынтыгы: 84% жаштар толук үй-бүлөдө жашашат (балдар - 89%, кыздар - 75%) 12% жаштар толук эмес (ата-энеси ажырашкан) үй-бүлөдө жашашат (балдар - 9,7%, кыздар - 14%). Изилдөөлөр көрсөткөндөй жаштардын басымдуу көпчүлүк бөлүгү толук үй-бүлөдө жашап, жакшы сапаттуу тарбия алганга толук мүмкүнчүлүгү бар. Азыркы жаш адамдын социалдык портрети. Жаштар окуудан бош убактысын төмөнкүдөй өткөрүүнү жакшы көрүшөт: көчөдө достору менен убакыт өткөргөндү - 52% жактырышат; кечелерде жана дискотекаларда жүргөндү - 13% жактырышат; спорт секцияларына жана кружокторуна катышууну - 34% жактырышат. Баса белгилей кетүүчү жагдай, жаштардын үчүнчү бөлүгүнүн гана бош убактысы уюшулган түрдө өтөт. Жаштардын сүйүктүү кино жана адабият жанрлары: фантастика - 30%; согуш - 29%; детективдер - 12%; триллерлер - 12%; мистика - 5%; эротика - 8%. Ар бир жаш адам турмушунда татаал абалга дуушар болот. Алардын 48% ата-энесинен жардам сурап кайрылышат, 45% досторуна кайрылышат. Ал эми 2% гана жардам сурап бөтөн адамдарга кайрылышарын билдирген. Азыркы жаш адамдын социалдык портрети. Тыянак, Жаштар менен өспүрүмдөрдүн кылмыш жолуна түшүүсүнө, алардын өз убагында ата-энелер, коомчулук, мамлекет тарабынан колдоо албагандыгы себеп болууда. Бул орчундуу маселени мамлекеттин, окуу мекемелеринин, ата-энелердин жана коомчулуктун бирдиктүү иш-аракеттеринин жардамы менен чечсе болот. Мамлекеттик деңгээлде жер-жерлерде Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери тууралуу" Мыйзамын (31 июля 2009 года N256) аткарууну камсыз кылуу максатында иш-чараларды көрүү.

Шаардык деңгээлде: Жаштарга психологиялык жардам көрсөтүү борборун ачуу; Жаштар үчүн «чектен өтпө» аттуу акцияларды өткөрүү; Жаштар үчүн ишеним борборлорун ачуу жана борбордун телефон номерлерин таратуу; Жаштарды жана өспүрүмдөрдү шаардык спорт клубдарына, секцияларына, спорт коомдоруна тартуу аркылуу чын ден соолуктуу жашоону пропагандалоо. Профилактикалык максатта окуу жайларга укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин барып турушун камсыз кылуу. Профилактика – бул терс көрүнүштөрдүн келип чыгышын эскертүүгө жана алдын алууга багытталган иш-чаралардын системасы. Профилактикалык иш жашы жете элек өспүрүмдөрдүн Конституциялык укуктарын коргоону камсыз кылуу. Өспүрүмдөргө карата зордукзомбулук, зөөкүрлүк жасаган мамилелердин бетин ачуу жана ага бөгөт коюу. Татаал турмуштук абалга туш болгон жаштарга жардам көрсөтүү. Укук бузууларды алдын алууда укук коргоо органдарына жардам көрсөтүү, үй-бүлөлөр менен профилактикалык иш алып баруу.

Профилактикалык иштердин милдеттери:

1. Асоциалдык жүрүш-турушту профилактикалоодо жаштар менен төмөнкү органдар жана уюмдар иш алып барышы керек: Жашы жете электердин иши боюнча комиссиялар; Ички иштер органдарынын бөлүмдөрү; Камкордук жана көзөмөлдөөчүлүк органдары; Билим берүүнүн башкаруу органдары; Окуу жайлар жана билим берүү мекемелери; Атайын окуу тарбиялык мекемелер; Социалдык коргоо органдары; Калкты эмгек менен камсыздандыруу мекемелери; Жаштар иштери боюнча мекемелер№ Маданият жана дене тарбия мекемелери; Ден соолукту коргоо мекемелери; Коомдук бирикмелер жана ассоциациялар.

2. Муниципалдык деңгээлде: Билим берүү мекемелеринде психологиялык кызматтарды ачуу (жаштардын жана өспүрүмдөрдүн девианттык жүрүш-турушун коррекциялоо жана калыбына келтирүү максатында); Окуучулардын жана студенттердин арасында психологиялык стресс, тынчсызданууну, депрессияны, социалдык жүрүш-турушту аныктоо жана алардын терс натыйжаларынын алдын алуу максатында психологиялык тесттерди жана тренигдерди өткөрүү; Жаштардын арасында «Чектен чыкпа», «Татаал абалдан чыгуунун мыйзамдуу жолдору» аттуу брошюраларды, буклеттерди, баракчаларды иштеп чыгуу жана таратуу; Жаштар жана алардын ата-энелери менен алардын укуктары жана милдеттери жөнүндө чогулуштарды, лекцияларды, маектешүүлөрдү өткөрүү; Жаштардын жана өспүрүмдөрдүн арасындагы укук бузууларды эскертүү, алдын алуу жана профилактикалоо боюнча мамлекеттик мыйзамдарды түшүндү-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



рүү иштерин жүргүзүү; Мугалимдер, окутуучулар, окуу топторунун кураторлору үчүн студенттердин жана окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуунун негизинде индивидуалдык окуу-тарбиялык иш-чараларды уюштурууну иштеп чыгуу жана сунуштоо; Жаштарга жана өспүрүмдөргө укук бузуулар жана кылмыштар боюнча регулярдуу түрдө лекцияларды окуу жана мыйзамды бузуу алардын келечеги, жакындары жана коом үчүн канчалык деңгээлде зыяндуу жана коркунучтуу экендигин жеткире түшүндүрүү иштерин жүргүзүү; Студенттерге укук коргоо органдарынын жана юристтердин катышуусу менен тарбиялык куратордук сааттарды өткөрүү; Жаштар жана өспүрүмдөр үчүн укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин катышуусу менен эркинен ажыратуу колонияларына экскурсияларды уюштуруу; Жүрүш-турушу адекваттуу эмес ата-энелер менен индивидуалдык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү; Жумушка орноштуруу уюмдары менен жаштарды жумушка орноштуруу мүмкүнчүлүктөрүн издөө.

Ата-энелер күзөтү – бул жаштар жана өспүрүмдөр чөйрөсүндөгү укук бузууларды профилактикалоонун формасынын бир түрү. Ата-энелер күзөтүнүн ишмердүүлүгү төмөнкүлөрдү камтыйт:

– жаштар жана өспүрүмдөр чөйрөсүндө укук бузууларды алдын алуу;
– ата-энелер менен иштөө;
– маалымат мейкиндигин жакшыртуу;
– үй-бүлөнүн статусун көтөрүү жана сактоо.

Ата-энелер күзөтүнүн негизги милдеттери: Социалдык-коркунучтуу абалда турган жашы жете элек өспүрүмдөрдү, ошондой эле белгисиз себептер менен окуу жайларга системалуу түрдө барбай жүргөн студенттер менен окуучуларды аныктоо; Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн көзөмөлсүз калышын алдын алуу жана эскертүү; Жаштарга жана жашы жете элек өспүрүмдөргө өзүнүн жүрүш-турушу менен терс таасирин тийгизген ата- энелерди, мыйзамдуу өкүлдөрдү аныктоо, аларга карата мыйзам чегинде чараларды көрүү.

Биз үмут кылабыз – жалпы коомчулуктун, мамлекеттин жана ар бир жарандын, өзгөчө жаштардын бирдиктүү аракети жана иш-чаралары, келечекте укук бузуусу жок, мыйзам гана бийлик кылган коомду курууда, эн жакшы натыйжаларын берет - деп! Жаштар – биздин келечегибиз гана эмес, азыркыбыз да.

**Адабияттар:**


1. Конвенция о правах ребенка. Принята резолюцией 44-25 Генеральной Ассамблеи ООН 20 ноября 1989 г.
2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 27-июнь 2010.
3. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жазык кодекси, 18-сентябрь 1997-ж. (02.03.2017-ж. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен).
4. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жазык процессуалдык кодекси, 30-июнь 1999-ж. №63 (10.02.2017-ж. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен).
5. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, 12-октябрь 2009.
6. Кодекс Кыргызской Республики о детях.
7. Кыргыз Республикасынын жарандарынын Саламаттыгын сактоо жөнүндөгү мыйзамы, 28-декабрь 2006-ж.
8. «Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык абал, январь-октябрь 2011-ж.: Ай сайын чыгуучу басылма» (кыргыз жана орус тилдеринде). / Улуттук Статистикалык комитет. - Бишкек, 2011.
9. Ногойбаев Б.Б. Ювенальный правовой режим криминального цикла: уч. пос. для студ. обучающихся по спец. Юриспруденция. - Б., 2015. - С. 273.
10. Доннелл Д.О.. Правосудие в отношении несовершеннолетних в странах Центральной Азии: достижения и проблемы в ходе реформ в Казахстане, Кыргызстане, Таджикистане, Туркменистане и Узбекистане. Отчет Регионального отделения ЮНИСЕФ по странам Центральной и Восточной Европы и СНГ, Апрель 2012 года.
11. Кыргызстандагы жаштар жана мамлекеттик саясат. - Б., 2012.
12. Кыргызстан: сот системасын реформалоодогу кыйынчылыктар. - Азия боюнча доклад №150. Эл аралык кризистик топ, 10-апрель, 2008.
13. Жаштар, Жумуш жана Тынчтыкты жайылтуу: Ош жана Жалал-Абад облустарында 15-28 курактагы жаштар арасында билимди, мамилелерди жана тажрыйбаны изилдөө, Кыргызстан, 2011», ЮНИСЕФ, 2011.
14. Оливер Д., Акинс К. Жаштарды баалоо: Кыргыз Республикасы. - Эл аралык жаштар фонду, октябрь, 2010.- 13-б.
15. Кыргызстан: ийгиликтүү жаштар - ийгиликтүү өлкө. БУУнун Өнүктүрүү программасы, Улуттук адам өнүгүүсү боюнча Отчету, 2009-2010.
16. Детский фонд ООН, база данных TransMonEE 2011, Региональное отделение ЮНИСЕФ по странам ЦВЕ и СНГ. - Женева, май 2011 год